УДК:378.1(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/1-202-207

**Абдуллаева У.П.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
abdullaevauulkan09@gmail.com
**Эсенгулова М.М.**
педагогика илимдеринин доктору, профессордун м.а
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА САНАРИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН УКУКТУК-ЧЕНЕМДИК НЕГИЗДЕРИ, ӨНҮГҮҮ БАСКЫЧТАРЫ

**Аннотация:** Кыргыз Республикасында көп жылдан бери бардык деңгээлде санариптештирүү маселеси курч турат. Бул өлкөнүн мезгил агымы менен кадам таштоосу жана өнүгүүдө башка мамлекеттерден артта калып калбоосу үчүн маанилүү маселе. Акыркы жылдары санариптештирүү жаатында бир катар маселелер чечилди, атап айтканда: товар айландыруу санариптик чөйрөгө өтүү, түрдүү социалдык долбоорлорду ишке киргизүү, «Түндүк» ведомостволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу экономиканын бардык тармактарын санариптештирүү. Билим берүү системасында да санариптештирүү процесси ийгиликтүү ишке ашырылууда алсак, онлайн-курстар, «акылдуу» мектеп, онлайн китепкана жана санариптик окуу куралдар (ноутбук, компьютер, онлайн-китептер,онлайн күндөлүк) кеңири таралууда.
Бул макалада санариптик билим берүүнүн укуктук-ченемдик документтер талдоого алынып, санариптештирүүнүн өнүгүү баскычтары аныкталып, ачыкталынышы сунушталууда. COВИД-19 же пандемия мезгилинде санариптештирүү процессинин активдүү алдыга жылдырылышы, мектептик окутуу-тарбиялоо иш-чараларын өзгөртүүгө алып келди.
Макала ошондой эле ЖОЖдордогу санариптик билим берүү процессинин жүрүшү тууралуу ачыктайт.

**Негизги сөздөр:** санариптештирүү, компьютер, информатика, интернет, онлайн билим берүү, санариптик сабаттуулук, санариптик технология, компьютерлештирүү, электрондоштуруу, акылдуу мектеп.

**Абдуллаева У.П.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Эсенгулова М.М.**
доктор педагогических наук, и.о. профессора
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# НОРМАТИВНО-ПРАВОВЫЕ ОСНОВЫ ЦИФРОВОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ, ЭТАПЫ РАЗВИТИЯ

**Аннотация:** Вопрос цифровизации на всех уровнях остро стоит в Кыргызской Республике уже много лет. Это важный вопрос, чтобы страна могла идти в ногу со временем и не отставать от других стран в развитии. За последние годы решен ряд вопросов в сфере цифровизации, в частности: переход товар переработки в цифровую среду, реализация различных социальных проектов, цифровизация всех отраслей экономики через систему межведомственного электронного взаимодействия «Түндүк». Процесс цифровизации успешно реализуется в системе образования, широкое распространение получают онлайн-курсы, «умная» школа, онлайн-библиотека и цифровые образовательные инструменты (ноутбук, компьютер, онлайн-книги, онлайн-дневники).

В данной статье анализируются нормативно-правовые документы цифрового образования, определяются этапы развития цифровизации и предлагается ее раскрыть. В период COVID-19 или пандемии активное продвижение цифровизации привело к изменениям в школьном преподавании и учебной деятельности.

Также в статье раскрывается процесс цифрового образования в университетах.

**Ключевые слова:** цифровизация, компьютер, информатика, интернет, онлайн-образование, цифровая грамотность, цифровые технологии, компьютеризация, электронизация, “умная” школа.

**Abdullaeva U.P.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
abdullaevauulkan09@gmail.com
**Esengulova M.M.**
Doctor of Pedagogical Sciences, Acting Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

# REGULATORY AND LEGAL FRAMEWORK OF DIGITAL EDUCATION IN THE KYRGYZ REPUBLIC, ON THE STAGES OF DEVELOPMENT

**Annotation:** The digitalization issue has been acute in the Kyrgyz Republic for many years in all levels. The important issue is that the country could keep up with time and don’t have to be behind other countries in developing. Particularly the transition of educational necessity processing to the digital environment of issues in the field of digitalization have been resolved in recent years. The various social projects implementation, of digitalization in all sectors of the economy had run through the «Tunduk» system into interdepartmental electronic interaction. The process of civilization is being successfully implemented in the education system; online courses, smart schools, online libraries and digital educational tools (laptop, computer, online books, online diaries) are becoming widespread.

This article analyzes the regulatory documents of digital education, defines the stages of development of digitalization and assumes to disclosed it. During the COVID-19 or pandemic period, the active promotion of civilization had led to changes at school teaching and learning activities also have revealed the process of digital education at universities.

**Key words:** civilization, computer, computer science, Internet, online education, digital literacy, digital technologies, computerization, electronation, «smart» school.

Кыргыз Республикасында санариптик өзгөрүү жолуна түшкөндүгүн далилдеген фундаменталдуу документтер кабыл алынган: «2018–2040-жылдарга карата туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы», «Санарип Кыргызстан 2019-2023» концепциясы.

Кыргыз Республикасынын экс-президенти Сооронбай Жээнбеков 2019-жылды «Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы" – деп жарыялаган учурдагы сүйлөгөн сөзүндө: «Кийинки жылдары өлкөнүн бардык региондорунда, бүткүл өлкөнүн масштабында жаңы технологияларды колдонуп, өнүгүү темпине жаңы дем берүү зарыл жана коомубуз санариптештирүүнүн пайдасын көрүүсү керек. Өз ишмердүүлүгүндө санариптик технологияларды кеңири пайдаланган мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу институттарын түзүү зарыл» – экендигин белгилеген [1, 1-2 б] .

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө КРнын Президенттинин №64 жарлыгы 2020-жылдын 17-декабрында жарыяланган. Жарлыкта «Билим берүү программаларынын стандартына таянбастан, эксперименталдык режимде бардык IT-багыттар (анын ичинде программалоо, системалык администрациялоо, киберкоопсуздук ж.б.) боюнча мектептин «Информатика» сабагы жана жогорку кесиптик билим берүү үчүн инновациялык билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана 2021-жылдын 1-сентябырынан тартып ишке киргизүү» зарылчылыгы белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарынын, мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, донордук жана эксперттик коомчулуктун, коомдук бирикмелердин, бизнестин жана жарандардын сунуштарын эске алуу менен, кеңири коомдук талкуудан кийин 2018-2040-жылдарына карата Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы кабыл алынды.[2, 5-6 б.]

Улуттук стратегияда санариптик өнүгүүнүн маанилүүлүгү жети максат аркылуу ачыкталган:

Дүйнөлүк деңгээлдеги санарипти куруу (кең тилкелүү Интернетке кирүү тармактары, маалымат борборлору, булуттук технологиялар, санариптик платформалар).

Инновациялык өнүгүүгө көмөктөшүүчү укуктук билим берүү уюмдарын жана институттарын түзүү.

Өлкөнүн бардык жарандары үчүн санариптик мүмкүнчүлүк түзүү (билим берүү тармагында, инновация, өндүрүш мүмкүнчүлүктөрү ж.б.).

Санариптик технологиялар аркылуу өлкөнү башкарууга жарандарды тартуу.

Кыймылдаткыч күчү маалымат индустриясы болуп саналган ачык санариптик коомду түзүү.

Өлкөнү онлайн жашоо жана онлайн иштөө үчүн коопсуз жерге айландыруу.

Өлкөнү санариптик Жибек Жолуна айландыруу.

Көрсөтүлгөн максаттарды 2023-жылга чейин ишке ашыруу пландаштырылып, республиканын тургундары мамлекеттик тейлөө жана кызматтардын 80%ын электрондук түрдө алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керектиги каралган.

2003-жылдын 30-апрелинде Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы ЖОЖдордун техникалык базасын өнүктүрүү, маалыматтык жана телекоммуникациялык технология каражаттарын колдонуп, аралыктан билим берүү технологияларын жакшыртуу жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун зарылчылыгын баса белгилейт.

2023-жылдын 29-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык Онлайн билим берүү уюму «онлайн окутуунун билим берүү кызматтарын жакшыртуу жана жайылтуу»- деп жаңыланып мыйзам жарыяланган.

Кыргызстандын орто мектептеринин деңгээлинде «Акылдуу мектеп» программасы ишке киргизилүүдө, ал окуу процессине санариптик технологияларды киргизүү боюнча комплекстүү программа болуп саналат. Программа негизги төрт компоненттен турат:

1.мугалимдердин МТ-компетенттүүлүгүн өнүктүрүү;

2. окуучулардын санариптик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

3. санариптик билим берүү контенттерди өнүктүрүү;

4. мектептердин МКТ-инфраструктурасын өнүктүрүү.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илими министрлигинин расмий булактарында белгиленгендей, «Акылдуу мектеп» программасын ишке ашыруу окуу процессинде маалыматтык технологияларды пайдалануунун эффективдүүлүгүн гана жогорулатпастан, бул жалпы билим берүүнүн сапатын жакшыртууга өбөлгө болуп, региондордогу, айыл, шаарлардагы, ар кандай тилде окуган мектептердин билим берүүдөгү жетишкендиктеринин ортосундагы айырмачылыкты кыскартат.

ЖОЖдордогу окутуу процессин эффективдүү башкаруу үчүн автоматташтырылган маалыматтык системалар ишке киргизилди (AVN системасы).

2005-2013-жылдары Кыргызстанда AVN системасы жана университетти башкаруунун бирдиктүү маалыматтык системасын түзүү жана ишке киргизүү ишке ашырылып, КМТУнун жана башка республикадагы ЖОЖдорго колдонула баштады.

Кыргыз Республикасында санариптин өнүгүүсүн же болбосо өнүгүү эволюциясын төмөндөгүдөй баскычтар менен бөлүп карасак болот:

Электрондоштуруу;

Компьютерлештирүү;

Электрондук окуу системасын ишке ашыруу;

Информатика жана Информациялык технология ИжИТ;

Санариптештирүү;

I баскыч – окутуу процессин электрондоштуруу деп аталат, башкача айтканда кесиптик адистиктер боюнча техникалык алгоритмдердин жана программалоонун негиздери гуманитардык илимдерде (50-жылдардын аягы 60-жылдардын башында), ал эми 60-жылдардын аягында жана 70-жылдардын башында, алгебра жана информатика предметтери окутулуп, математикалык моделдештирүүгө басым жасалган. Бул баскычта мындай алгоритмдик ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, тилди өздөштүрүү сыяктуу иштер программалоо жана компьютер аркылуу эсептөө логикалык алгоритмдер окуучулардын билим деңгээлин өнүктүрүү жана калыптандырууга чоң таасирин тийгизди.

II баскыч. Билим берүү процессин компьютерлештирүү – бул баскычта окутуучулардын техникалык жөндөмдүүлүктү калыптандыруу менен, компьютердик сабаттуулукка өзгөчө басым жасалат. Компьютер жана программалык камсыздоону колдонуу менен билим берүүдө, мектептерди жана жогорку окуу жайларды техникалык жабдуулар менен камсыз кылуу менен иштөө методдору боюнча курстар уюштурулуп, мультимедиялык электрондук окуу китептер колдонууга берилген.[4, 83-84 б.] Бул мезгилде окутуучулар гана эмес, окуу бөлүмүнүн жетекчилери жана билим берүү бөлүмдөрү да акырындык менен компьютердик

сабаттуулук боюнча таанышып, автоматташтырылган жумуш ордун түзүү боюнча иш жүргүзүп баштошкан.
III баскыч. 2011-жылдан тартып билим берүү уюмдары электрондук окуутуну ишке ашыруу менен, иштөө ыкмалары электрондоштурулуп окутуучулар үчүн бардык техникалык шарттар камсыздандырылган.
IV баскыч Информатика жана Информациялык технология (ИжИТ)
Информатика – бул эсептөө технологиясынын жардамында информацияны түзүүнүн, сактоонун, топтоонун, иштеп чыгуунун ыкмаларын, каражаттарын жана методдорун окуп-үйрөөтүчү илим. Информатика илимдин бардык тармагында тыгыз байланышта. Кайсыл гана илимди карабайлы компьютерди колдонбогон чөйрө жокко эссе. [5, 2-3 б.]
2007-жылдан тартып өлкөнүн бардык билим берүү уюмдарында Информатика жана Информациялык технология предмети фундаменталык дисциплина катары окутулуп баштаган.
Информатика предметин өздөштүрүүдө негизги билим алуу, компьютердик жана жаңы маалыматтык технологиялары аркылуу өздөштүрүлөт. Алар компьютердик сабаттуулук жана компьютердик билимдүүлүк.
V баскыч – санариптештирүү. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2018-жылдын 14-декабрындагы № 2 чечими менен жарыяланган «Санарип Кыргызстан 2019-2023» Санариптик трансформациянын концепциясын ишке ашыруу жана «Санарип аймак» деген муниципалдык башкаруунун санариптик платформасын түзүү. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы менен бирдикте Санариптик билим берүү технологиялары жана региондук өнүктүрүү борборун түзүү – деп жарлыкта баса белгиленип, жарлык «Эркин Тоо» газетасынын 2019-жылдын 15-январындагы №2 жарыяланды.
«Санарип Кыргызстан – 2019-2023» улуттук программасынын концепциясын, Кыргыз Республикасынын 2019-2023-жылдарга карата маалыматтык коопсуздук Концепциясын ишке ашыруу максатында жана Кыргыз Республикасынын 2019-2023-жылдарга карата киберкоопсуздук Стратегиясында төмөнкү бөлүмдөрдү киргизүү сунушталат: «Киберкоопсуздук», «Санариптик гигиена» жана «Информатика» сабагына «Санариптик сабаттуулуктун жана коопсуздуктун негиздери». [6, 5-6 б.]
2019-2020-жылдагы дүйнө жүзүндө жарыяланган пандемия санариптик окутууга өтө тездик менен өтүүгө мажбурлады. Чөнтөк телефондогу Zoom, W\App жана Телеграмм каналдары аркылуу санариптик окуу жүргүзүлүп жатты. Бирок, өлкөдө санариптик билим берүү толук кандуу талапка жооп берет деп айтууга болбойт. Мугалимдер/окутуучулар санариптештирүү шартында өз милдетин толук кандуу аткарбаган учурлар да жок эмес, орто жаштан ашын калган окуутучулар/мугалимдер санарипти өзүнө ыңгайлаштыра албаган учурлар көп кездешет.

Заманбап дүйнөдө санариптик билим берүү процессинин ийгилигинин негизги факторлорунун бири – мугалимдин санариптик окутуу технологияларын ишке ашырууга даярдыгы болуп саналат. Мугалим өз ишинде жаңы технологияларды натыйжалуу колдоно алышы үчүн белгилүү бир педагогикалык шарттар түзүлүшү зарыл. Кыргызстандык изилдөөчүлөр (К.А. Зулпуева, Г. Казиева, У.Э. Мамбетакунов, А. Ибирайым кызы, А.Д.

Онгарбаева ж.б.) мугалимдин санариптик окутуу технологияларын колдонууга даярдыгы маалыматтык технологиялар тармагындагы билимине жана көндүмүнө, ошондой эле бул технологияларды колдонуу менен иштөөнүн педагогикалык принциптерин жана ыкмаларын түшүнүүгө негизделиши керектигин баса белгилешет.[7,425 б.]

Санариптик билим берүү процессинин ийгилигинин негизги себеби мугалимдин санариптик сабаттуулугун ишке ашырууга даярдыгы болуп саналат. Мугалим өз алдынча заманбап технологияны колдоно алуусу жана санариптик шарттардын түзүлүшү болуп саналат. Мисалы: сабак учурунда интернеттин ылдамдыгы, интерактивдүү такта жана компьютердик комплекс.

**Колдонулган адабияттар**

1. ПЖ “Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы” https://cdo2day.ru/articles/kak-razvivaetsja-cifrovaja-jekonomika-v-kirgizskoj-respublike/
2. 2018-2040-жылдарына карата Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы https://www.gov.kg/ky/programs/8
3. “Санарип Кыргызстан 2019-2023” концепциясы. https://cbd.minjust.gov.kg/216896/edition/1118030/ru
4. А.Токтогулов. Кесиптик лицейлерде билим берүү технологиялары. – Бишкек, –2019.
5. Информатика илимдин бардык тармагында тыгыз байланышта. https://edu.gov.kg/media/files/6a936d85-f668-45ab-bda4-1c86d35168ef.pdf

6. «Киберкоопсуздук», «Санариптик гигиена» жана «Информатика» сабагына санариптик коопсуздуктун негиздери. https://www.gov.kg/storage/2020/12/files/program/12/sanarip_kyrgyzstan_2019_2023_sanariptik_transformatsiyanyn_kontseptsiyasy.doc

7. п.и.к., проф.м.а Эсенгулова.М.М, Акимбаева А, Сыйдалиева С, Халбаева А «Мугалимдин санариптик окутуу технологияларын ишке ашырууга даярдыгын калыпдыруунун педагогикалык шарттары» Вестник КГУ имени И. Арабаева, – 2023. – №2. – С. 422-430

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Абдыкалыкова А.А.**